***Мугалим***: *Омекова Айнура Махмутовна*

***Предмет***: *Адабий окуу*

***Сабактын тиби***: *Жаңы билимди өздөштүрүү,талдоо,ой жүгүртүү.*

***Сабактын темасы***: *"УУру үкү" С.Карымшаков.*

***Сабактагы колдонулуучу усулдар жана ыкмалар***: *Түшүндүрүү,айтып берүү,аңгемелешүү,интерактивдүү метод,суроо-жооп,БТО окуу.*

***Сабакта колдонулуучу каражаттар жана материалдар***: *Окуу китеби,сүрөттөр,ватман,ТСО,маркер,плакат ж.б.*

| ***Сабактын максаттары*** | | ***Күтүлүүчү натыйжалар*** |
|---|---|---|
| ***Билим берүүчүлүк*** | *Окууучулар "УУру үкү"чыгармасы боюнча маалым алышат.Чыгарманы топтордо талкулоо менен боорукердик,ташбоордук дегенди тушүнүшөт.* | *Окууучулар "Ууру үкү" чыгармасы боюнча маалымат алышса.Чыгарманы топтордо талкулоо менен боорукердик,ташбоордук дегенди түшүнүшсө.* |
| ***Өнүктүрүүчүлүк*** | *Сынчыл ой жүгүртүүсү,кабыл алуусу,эске сактоосу,сөз байлыгы,сүйлөө кеби калыптанат.* | *Сынчыл ой жүгүртүүсү,кабыл алуусу,эске сактоосу,сөз байлыгы,сүйлөө кеби калыптанса.* |
| ***Тарбиялык*** | *Боорукерликке,канатууларга аяр мамиле жасоого үйрөнүшөт.* | *Боорукерликке,канаттууларга аяр мамиле жасоого үйрөнүшсө.* |

***Сабактын жүрүшү:***

| *Сабактын этаптары* | *убакыт* | *Мугалимдин иш аракеттери* | *Окуучулардын иш аракеттери* | *Окуу-ды калып-чу компет-төр* | | *Баалоо* |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | *нег* | *пред* | |
| *1.Мативация, Уюштуруу, Шыктандыруу* | *3 мүн* | *Саламаттыкты каалаймын Саламаттсыңарбы балдарым!*<br><br>*Кана, балдар айткылачы көңүлүңөр кандай? Азыр кайсы мезгил? Күнгө кайсы күн? Азыр кайсы сабак?* | *Амансынбы күн! Амансынбы жер-эне! Амансыңбы досум! Амансызбы эжеке!*<br><br>*Бир,эки,үч ден соолук бул күч! Бир,эки,үч,төрт,беш көңүлүбүз беш!*<br><br>*Окуучулар жооп беришет* | *$НК_3$* | *$ПК_1$*<br><br>*$ПК_2$* | *Азаматсыңар! дагы эмнени билесиңер ? деген сыяктуу сыпаттама* |
| | | *Окуучуларды топторго бөлүү 1-топ:акылдуулар тобу* | *Окуучулар "А", "Б", "Ш" Тамгаларын тандоо менен* | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2-топ:шамдагайлар тобу<br>3-топ:билимдүүлөр тобу | топторго бөлунүшөт | | | |
| Алтын эреже | 2 мүн | -Сабак учурунда суйлөшпөө<br>-Мугалимдин сөзүн бөлбөө<br>-Убакытты туура пайдалануу<br>-Кол көтөрүп жооп берүү<br>-"Жакшы"деген баа алуу<br>-Бири-бирин угуу | Алтын эрежени кабыл алышат.Сабактын акырына чейин эрежени бузбай кармашат. | $НК_1$ | $ПК_3$ | Мактоо |
| 2.Үй тапшырмасын бышыктоо | 5 мүн | Өтулгөн тема боюнча суроолор берилет.<br>1.Талант бир тутам акчаны кайдан таап алды?<br>2.Акчаны көргөн атасы Талантка эмне деди?Бул айтканы туурабы?Эмне үчүн?<br>3.Талант таап алган акча кимдики экен? Ал ким эле?<br>4.Анын чындыкты айтканы туура болдубу?<br>5.Сен Таланттын ордунда болсоң эмне кылар элең? | Окуучулар берилген суроолорго туура,так жоопторду беришет.<br><br>Өз ойлорун так,эркин айтууга машыгышат. | $НК_3$ | $ПК_3$<br><br>$ПК_4$ | Алкыш |
| 3.Теманы жана күтүлгөн окуу натыйжала-рын жарыялоо | 3 мүн | "Сырдуу сүрөт" биз суроолорго жооп берүү менен жаңы өтүлө турган темабызды таап алабыз.<br>Демек, балдар биз бүгүн силер менен С.Карымшаковдун "Ууру үкү" деген чыгармасын өтөбүз. | Сабактын темасы жана натыйжалары тууралуу угуп түшүнүшөт. | $НК_1$ | $Пк_3$ | |
| 4.Тема боюнча зарыл болгон маалыматтар-ды берүү | 15 мүн | Балдардан үкү ,бөжөк тууралуу эмнелерди билери суралат.<br>Жаңы тема боюнча фактыларды аргументтештирип слайд көрсөтүлөт.<br><br>Китепте берилген аңгемени БТО боюнча окуп беришет. | Жаңы маалыматты окуучулар кабыл алышат.<br><br>Окуучулар өз ойлорун ортого салышат. | $НК_1$<br><br>$НК_3$ | $ПК_2$<br><br>$ПК_4$ | Окуучуларга сыпаттама баалар берилет |
| Сөздүк иш | 1 мүн | Жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнүшөт.<br>Үкү-түнкүсүн учуучу канаттуу<br>Бөжөк-коендун баласы<br>Күн карама-көп жылдык өсүмдүк-семичка<br>Чый-пыйы чыгы-бир ордунда тура албай-коркуп | Жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнүшөт.<br><br>Өз ойлорун айтып талдашат. | $НК_1$<br>$НК_3$ | $ПК_3$<br>$Пк_4$ | |
| | | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Эс алуу бөлүгү | 1 мүн | Окуучулардын эс алуу көнүгүүсүн аткаруусуна музыка коюп берет. | Эс алдыруу көнүгүүсүн аткарышат | $НК_3$ | | |
| 5. Интерактивдүү көнүгүүлөр-сабактын борбордук бөлүгү | 10 мүн | Мугалим топторго тапшырмалар берет<br>1-топ: Ролдоштуруп,сахналаштырып аткарып беришет.<br>2-топ: Бөжөккө синквейн түзүшөт.<br>3-топ: Үкүгө кластер түзүшөт. | Окуучулар берилген тапшырмалар боюнча топтордо иштешет. | $НК_1$<br>$НК_2$<br>$НК_3$ | $ПК_1$<br>$ПК_2$<br>$Пк_3$<br>$ПК_4$ | Мугалимдин алкыш сөзү<br><br>Азаматсың, Баракелде, Рахмат. |
| 6. Сабактын жыйынтыкта-рын чыгаруу,натый жаларын баалоо | 5 мүн | Теманы жыйынтыктоо: Окуучуларга тесттик слайд көрсөтүлөт.<br><br>Топтор бири-бирин баалашат<br><br>Жалпы жыйынтык чыгаруу<br><br>Үй тапшырмасы берилет | Окуучулар өз жөндөмдүүлүктөрү менен суроолорго жооп беришет. | $НК_1$<br>$НК_2$<br>$НК_3$ | $ПК_1$<br>$Пк_2$<br>$ПК_3$ | Мугалимдин алкышы.<br><br>Ар бир окуучуну өзүнчө сыпаттама баалар менен баалоо.<br><br>Топтор бири-бирин баалашат. |

Текширилди
ОББ: [illegible]